**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү.**

**Жалал-Абад областынын Чаткал районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча**

# ЖАЛПЫЛОО ОТЧЕТУ

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2025-жылдын 28-майындагы №02-2/80 жана 2025-жылдын 23-июнундагы №02-2/113 буйруктары.

**Аудиттин максаты**: Жалал-Абад областынын Чаткал районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө шайкештик аудит жүргүзүү.

**Аудит мезгили:** 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгы.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

**Аудит объектилери:** Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгы, Чаткал райондук өнүктүрүү фонду, Каныш-Кыя жана Терек-Сай айыл өкмөттөрү жана айыл өкмөттөрү алдындагы “Каныш-Кыя Тазалык”, “Терек-Сай”муниципалдык ишканалары.

**Аудитордун милдети:**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) 2024-жылга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгынын, Чаткал районуна караштуу бюджеттик мекемелер жана чарбалык ишканалардын ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги:**

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, райондогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп, Чаткал райондук администрациясы, айыл өкмөттөрү эсептелет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерине мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча ыйгарылган бардык маселелерди аткаруу кирет, Кыргыз Республикасынын башка органдарынын компетенциясына карата Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен киргизилген ыйгарым укуктардан сырткары.

Аудит мезгилине карата Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким 2024-жылдын 1-январынан тартып Сеңирбаев Алтынбек Жыргалбаевич иштеп келе жатат.

**Аудит предмети:**

Аудиттин предмети болуп, муниципалдык каражаттарды жана мүлктү башкаруу жаатында бюджеттик мыйзамдын талаптарына ылайык, жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча Чаткал райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- Жергиликтүү бюджеттин түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдик документтердин жана мыйзам ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына аудит;

- Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин ишмердүүлүгүн талдоо, киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык карызынын абалына жана тейленишине аудит;
- Муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- Муниципалдык ишканалардын бюджетинин аткарылышына аудит;
- Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ишти талдоо;
- "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын талдоо.

**Аудиттин критерийлери:**

Критерий катары, Чаткал райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын муниципалдык ишканаларынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин, муниципалдык ишканаларынын ишинин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик, Салык кодекстерине жана "Салык эмес кирешелер" Кодексине, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Жергиликтүү Кеңештердин токтомдоруна жана 2024-жылга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын  жана башка ченемдик-укуктук актыларына туура келишин баалоо деп эсептейбиз.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү:**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Мындан мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктардын аткарылышы.**

Жалал-Абад областынын Чаткал районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы, ал эми реформа жүргүзүлгөн  административдик аймактарда 2024-жылдын 1-апрелине карата мезгил аралыгындагы бюджеттик түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпы **12373,5** миң сомдук каржылык бузуулар аныкталган. Жалпы аныкталган каржылык бузуулардын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон сумма **11676,8** миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан аудиттин материалдары коллегия отурумунда каралып, аныкталган каржы бузууларды жоюу жана калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү үчүн жазма буйруктар жөнөтүлгөн.

Жазма буйруктун негизинде, каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлүп, калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 11676,8 миң сомдон 10878,3 миң сому калыбына келтирилген. Бирок, азыркы күнгө чейин **798,5 миң сомдук** каржы бузуулар калыбына келтирилбегендиги такталды.

**1) Каныш-Кыя айыл өкмөтү боюнча** айыл чарбага жарабаган жерди убактылуу ижарага иштеткендиги үчүн эсептелген 2179,2 миң сомдук жер (мүлк) салыгынан өндүрүлбөй калган **149,2 миң сом** калдык сумма тиешелүү ишканалардын эсебинен жергиликтүү бюджетке өндүрүлбөгөн;

**2) Чаткал айыл өкмөтү боюнча:**

- эмгек акыга негизсиз ашыкча төлөнгөн 149,4 миң сомдон **11,5 миң сом** калдык сумма өндүрүлбөй калган.

- сапар чыгымдарынан жол кире чыгымдары үчүн ашыкча төлөнгөн 128,1 миң сомдон **16,2 миң сом** өндүрүлбөй калган;

- Жаңы-Базар айылындагы райондук өнүктүрүү фондунун каражатынын эсебинен аткарылган «Баластан» балдар бакчасынын капиталдык ремонту» обьектиси боюнча утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерин аткарууда аныкталган **621,6 миң сом** кошуп жазуулар «Империя Кахаровы» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылбаган *(укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 23.06.2025-жылдагы №01-3/173 каттын негизинде КР УКМК Жалал-Абад областы боюнча башкармалыгына жиберилген).*

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо:**

Аудит тарабынан Чаткал райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгынын жана Чаткал районуна караштуу ведомстволук бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканаларынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, кирешелер жана чыгымдар сметасы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча маселелер изилденди.

Аудит өзүнө бюджеттик, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын чыгымдары ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгү боюнча жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Ушул отчетто жазылган жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн негизди камсыздоо үчүн, чогултулган аудитордук далилдер жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке тийешелүү болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгынын жана Чаткал районуна караштуу муниципалдык ишканаларын тандоо, аудитти пландоо, олуттуулук факторлорун аныктоо, 2024-жылга чыгымдар көлөмүнүн олуттуулугуна жана иштин мүнөзүнө жараша жүргүзүлгөн *(материалдар ар бир аудит объектиси боюнча өзүнчө түзүлгөн).*

**Региондогу капиталдык инвестициялык салымдары боюнча талдоо жана баа берүү.**

2024-жылга карата **Капиталдык салымдар** объектилерди курулушуна, реконструкциясына, кеңейтилишине жана техникалык жактан кайра жабылышына 2024-жылда район боюнча негизги капиталга 2млрд.403,4 млн.сомдук инвестициялар пайдаланылган, 2023-жылга салыштырмалуу 235,0 млн. көп же 110,8 % түздү.

**Ички 819** млн.503,8 миң сомду түзгөн, салыштырмалуу 60 млн. 719,2 миң сомго көп, же 108,0 % түзгөн.

**Тышкы инвестиция** 1 млрд 583 млн. 902,8 миң сом. Салыштырмалуу 174 млн. 285,1 мин сомго көп.

Чаткал району боюнча 2024-жылда жалпы аянты 2143 чарчы метр болгон 17 жеке турак үй пайдаланууга берилген. Жеке турак үйлөрду курууда негизги капиталга 42860,0 миң сом инвестициялар пайдаланылган, же 2023-жылга салыштырмалуу 43177 миң сомго кем.

2024-жылда район боюнча автоунаа менен ташылган жүктөрдүн көлөмү 68,2 миң тоннаны, же 2023-жылга салыштырмалуу 113,2 пайызды тузгөн. Автоунаа менен жүк ташуунун жалпы көлөмү негизинен жеке ишкерлер тарабынан камсыздалган. Тейлөө рыногу райондун чарба жургүзүүчү субъекттери тарабынан көрсөтулгөн рыноктук

тейлөөлөрдун көлөмү 2024-жылга 136 млн. сомду тузгөн, же 2023-салыштырмалуу 119,7 пайызга жогорулаган.

**Чаткал районунун социалдык-экономикалык жактан өнүгүү программасынынын аткарылышына, калкты социалдык жактан коргоо максатта түзүлгөн долбоорлордун аткарылышына талдоо.**

Райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө башкы ролду айыл чарбасы жана өнөр-жай тармактары ээлейт.

**Өнөр жай тармагында**- экономикалык прогноз 10 млрд. 805,9 млн.сомду түзүп былтыркы жылга салыштырмалуу 98,6 %, же 151936,1 миң сомго кем өндүрүлгөн. Физикалык көлөмдүн индекси салыштырмалуу 88,4 % түзгөн.

Тоо-кен казуу өнөр жай продукциясынын үлүшү 88,4 % же 10 млр. 780,4 млн. сом. Калган 15 % *(тамак-аш азыктар жана тигүү өнөр жайы, жыгач иштетүү жана бетон гипс цементтен жасалган өндүрүштөр, асфальт даярдоо)*, электр энергиясын, сууну өндүрүү жана айлана чөйрөнү тазалоо тармагы камтыган.

Тамак-аш азыктарын өндүрүү (суусундуктарды кошпогондо)- 12440,8 миң сомдук өндүрүлүп, салыштырмалуу 3150,8 миң сого көп, же 133,9 % түзгөн.

Бетон гипс жана цементтен жасалган өндүрүштөрдү өндүрүү 8626,5 миң сом, салыштырмалуу 461,0 миң сомго көп, же 105,6 % түзгөн.

**"Айыл-чарбасы" боюнча:**

Агрардык сектор райондун экономикасынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелинет. Райондо 2024-жылы 2023-жылга салыштырмалуу дан эгиндери (алгачкы кириштелген салмакта) район боюнча 1821,3 тонна өндүрүлүп,61,3 пайызга көп, анын ичинен буудай 68,8 пайызга көп өндүрүлгөн.

Район боюнча дан өсүмдүктөрүнүн орточо түшүмдүүлүгү (дан буурчак, куруч жана гречкасыз) гектарына 19 центнерди түздү (алгачкы кириштелген салмакта), 2023-жылда гектарына 11,3 центнер болгон.

Чаткал району боюнча 2024-жылы 2109 гектар аянтка жаздык айдап себүү жүргүзүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 233 га көп себилген. Район боюнча 6080 гектар айдоо жердин 2109 гектарына жаздык айдап субүү жүргузүлсө, 3817 гектары көп жылдык чөп аянты, ал эми 12 гектарды көп жылдык мөмө жемиш бактары ээлейт. Пайдаланылбаган айдоо жердин аянты 142 гектарды түзүп өткөн жылга салыштырмалуу 27 гектарга кыскарган. Дан эгиндери район боюнча 920 гектар аянтка себилип, өткөн жылга салыштырмалуу 45 гектарга көп себилген. Ал эми дүн жыйымы 1821,3 тонна болуп 2023-жылга салыштырмалуу 691,9 тоннага көп жыйналды. Буудай район боюнча 707 гектар аянтка себилип, өткөн жылга салыштырмалуу 47 гектарга себилген. Дүң жыйымы 1343,3 тонна жыйналып, 2023-жылга салыштырмалуу 547,3 тоннага көп, ал эми түшүмдүүлүгү 190,0 центнерди түзгөн. Картошка 463 гектар аянтка себилип, өткөн жылга салыштырмалуу 10 гектарга көп айдалган. Дүң жыйымы 5463,4 тонна жыйналып, эми түшүмдүүлүгү 118 центнерди түзгөн.

Мал чарба продукцияларын өндүрүү көлөмүнүн жогорулашы белгиленди. Эт тирүүлөй салмакта 2023-жылы 3922,0 тонна өндүрүлгөн болсо, 2024-жылы 4043,0 тонна өндүрүлүп, салыштырмалуу 103,1 пайызды тузгөн. Сүт 10434 тонна өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 217 тоннага көп өндүрүлгөн. Жүн 2023-жылы 127,6 тонна өндүрүлгөн болсо, 2024-жылы 132,6 тонна өндүрүлүп, салыштырмалуу 103,9 пайызды түзгөн. Жумуртка 2469 миң даана өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 19 миң даана көп өндүрүлгөн.

**Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшү жана аткарылышына талдоо.**

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин долбоорлору "Кыргыз Республикасындагы Бюджеттик Кодексине ылайык түзүлгөн. 2024-жылга жана 2025-2026-жылдарга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча орто

мөөнөттүү долбоорлор даярдалып Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине тапшырылган.

Кирешелер курамында салыктык жана салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү кошулуп эсептелинген жана чыгашалардын тизмеси функционалдык жана экономикалык классификациясы боюнча түзүлгөн. Чаткал районунун жергиликтүү бюджеттеринин кирешелери жана чыгашалары боюнча бюджеттик сметалары (росписи) айылдык Кеңештердин сессияларында каралып бекитилген, жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн долбоорлору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине тапшырылган.

Мындан тышкары кошумча түшкөн кирешелердин жана жыл башында калган калдыктардын эсебинен тийиштүү өзгөртүүлөр жүргүзүлүп, тиешелүү токтомдор кабыл алынып натыйжада жергиликтүү бюджеттин планы такталган.

Жалпы жергиликтүү бюджет 2024-жылга 403627,7 миң сомго бекитилген. Анын ичинен: салыктык кирешелер 256256,3 сом, салыктык эмес кирешелер 133775,9 сом, жергиликтүү бюджетке трансферттер 13395,5 миң сомду түзөт. Отчеттук мезгил ичинде жергиликтүү бюджеттин планына тактоолор жүргүзүлүп, 568724,2 миң сомго план такталган же 62610,9 миң сомго план көбөйгөн. Анын ичинен салыктык кирешелер 7900,0 миң сомго кыскарып, салыктык эмес кирешелер 58650,0 миң сомго көбөйгөн. Ал эми жергиликтүү бюджетке трансферттердин планы 11860,9 миң сомго көбөйгөн. Ошондой эле 2023-жылдын башында калган калдыктарды жана кошумча түшкөн кирешелер кошулуп план такталган.

Жалпысынан алганда, район боюнча иш жүзүндө кирешелери 467316,6 миң сом жыйналган, анын ичинен: салыктык кирешелер 241746,7 миң сом, салыктык эмес кирешелер 203925,4 миң сом, жергиликтүү бюджетке трансферттер 21644,4 миң сомду түзгөн.

**Салыктык кирешелердин аткарылышына талдоо жана салыктык эмес кирешелердин, бюджеттин кирешелеринин түзүмү бекитилген параметрлерге карата аткаруусу:**

Чаткал району боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча жалпы кирешелердин иш жүзүндө жалпы түшкөнү 445672,1 миң сом, такталган план 440782,2 миң сомду түзгөн, же пландын аткарылышы 101,1% түзгөн, анын ичинен:

- Жалпы салыктык кирешелердин иш жүзүндө түшкөнү 241746,7 миң сом, жалпы киреше бөлүгүнүн 54,2% түзөт. Такталган план 248356,3 миң сомду түзүп, 97,3% аткарылган же 6609,6 миң сом аз жыйналган, анын ичинен салыктык кирешелердин түшүүлөрү төмөнкүдөй түрлөр боюнча ашыкча жыйналган: киреше салыгынан 1599,8 миң сом, патент салыгынан 84,0 миң сомго аз, кыймылсыз мүлктөн түшүүчү салыктан 79,8 миң сомго ашыкча, транспорттук каражаттардын салыгынан 534,2 миң сомго, жер салыгынан 1343,7 миң сомго ашыкча жыйналган, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүчү салыктан 7663,8 миң сомго аз аткарылган.

- 2024-жылдын жыйынтыгы менен жалпы салыктык эмес кирешелердин иш жүзүндө түшкөнү 203925,5 миң сом, жалпы кирешенин 45,8% түзөт. Такталган план 192425,9 миң сомду түзүп, 106,0% аткарылган же 11499,6 миң сомго кошумча жыйналган. Салыктык эмес кирешелер боюнча төмөнкүдөй жыйналган: Ресурстарды пайдалануу жана чалгындоо үчүн ижара акы жана жыйымдардан 399,9 миң сомго, ижара акы салыгына 222,4 мин сомго аз, жыйымдар жана төлөмдөрдөн 6782,3 миң сомго кем өндүрүлгөн, мулккө ижара акы салыгы 10,0 миң сомго, дагы башка салыктык эмес кирешелерден 18892,4 миң сомго ашыкча өндүрүлгөн.

**Республикалык бюджеттин каражаттарынын түшүүсүнө талдоо:**

Республикалык бюджеттен 2024-жылга 25456,4 миң сомдук жалпы трансферттер пландаштырылган. Анын ичинен тендөөчү трансферттер 13395,5 миң сомду, республикалык бюджеттен жергиликтүү бюжетке берилүүчү гранттар 11860,9 миң

сомду түзгөн. Иш жүзүндө теңдештирүү гранты толугу менен чыгымдалган. Жалпы райондун кирешесинин трансферттердин үлүшү 3,3 %ды түзгөн. Такталган план 11860,9 миң сомду түзсө, которуулар 8048,9 миң сом болуп, 3812,0 миң сом Республикалык Бюджетке кайтарылып берилген. КРМК № 680-т тескемесине ылайык Каныш-Кыя айыл аймагына 1370,7 миң сом, Терек-Сай айыл аймагына 3475,0 миң сом акча каражаты пландаштырылган. Билим берүү бөлүмүнүн министрликке сентябрь айынан жаңы ачылган балдар бакчаларынын эмгек акысына маалымат берилген, ал эми иш жүзүндө Каныш-Кыя айыл аймагы эки айга, Терек-Сай айыл аймагы бир айга бир бала бакчага эмгек акы каржыланган.

**Дем берүүчү гранттарды каржылоо жана пайдалануу.**

2024-жылга дем берүүчү грант *(үлүштүк)* республикалык бюджеттин эсебинен 26287,0 миң сом каржыланган. Өздүк салым эсебинен жергиликтүү бюджеттен 24679,7 млн.сом бөлүнгөн. Акча каражаттары айыл өкмөттөр тарабынан толугу менен иштетилген.

**Теңдөөчү трансферттер боюнча аудит:**

КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №315 "Теңдөөчү трнасферттердин көлөмүн аныктоо тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык жана "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде Чаткал районунун жергиликтүү бюджетин айыл аймактар арасында бюджетин теңдештирүү максатында 2024-жылга 13395,5 миң сом теңдөөчү трансферт бөлүнгөн. Айыл аймактар боюнча Чаткал айыл аймагына 13595,5 миң сом бекитилген болсо, Чаткал айыл аймагына 2265,9 миң сом каржыланса, ал эми АТРден кийин айыл аймактар бириктирилгенде Каныш-Кыя айыл аймагынын бюджетине 11329,6 миң сом консолидация болгон. Жогорудагы теңдөөчү трансфертти аныктоо тартибинде Министрлер Кабинетинин №315 "Теңдөөчү трнасферттердин көлөмүн аныктоо тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык теңдөөчү трансферттер көлөмү өткөн жылдын чыгашасынан учурдагы жылдын киреше бөлүгүнүн долбоорунун суммасын кемитүү менен аныкталган. Чаткал районуна 2024-жылга эсептөөлөрдүн негизинде бир айыл өкмөткө 13595,5 миң сом теңдештирүчү трансферт алынган болсо, 2025-жылга тендештирилүүчү грант каралган жок. Трансферт көлөмүнүн азайышы, жүргүзүлгөн адинистративдик-аймактык реформанын жыйынтыгы менен Каныш-Кыя жана Чаткал айыл өкмөттөрү Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө биригип, Сумсар айыл өкмөтү Терек-Сай өкмөтүнө биригип Терек-сай айыл өкмөтү болуп түзүлгөндүгүнүн натыйжасында эсептөөлөр азайган. Себеби, Каныш-Кыя жана Терек-Сай айыл өкмөттөрүнүн чыгашалары, учурдагы жылдын киреше бөлүгүнөн кем болгон эмес, тагырааагы дотациядан толугу менен чыгып, Республикалык бюджет эсебинен теңдөөчү трансферт албай калган.

**Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшү жана аткарылышына талдоо.**

Жергиликтүү бюджеттин долбоорлору кирешелер жана чыгашалар, Кыргыз Республикасындагы Бюджеттик Кодексинин талаптарына ылайык түзүлгөн жана аудитордук текшерүү учурунда жергиликтүү бюджеттер киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча балансташтыруу менен кабыл алынган.

2024-жылдын жыйынтык отчетуна ылайык атайын каражаттарды эске алуу менен жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча такталган план 498311,7 миң сомду түзүп, ал эми кассалык чыгымы 457558,9 миң сомго жүргүзүлүп план 91,8 % аткарылган.

"Жалпы башкаруу тармагына" район боюнча 346141,2 миң сом план такталса, кассалык чыгым 324606,3 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлүп 93,8 % аткарылган.

"Экономикалык маселелер тармагына" план 5700,5 миң сомго такталса, кассалык чыгым 4815,2 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлүп 84,5 % аткарылган.

«ЖКХ тармагына» план 40812,9 миң сом план такталса, кассалык чыгым 40812,9 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлүп 100,0% аткарылган.

"Маданият" тармагына 25060,1 миң сомго план такталып, кассалык чыгым 22434,1 миң сомго жүргүзүлүп 89,5 % аткарылган.

"Билим берүү тармагына" такталган план 76053,3 миң сомду түзсө, кассалык чыгым 60347,7 миң сомго жүргүзүлүп 79,3% га аткарылган.

"Социалдык коргоо боюнча" такталган план 4542,7 миң сомду түзсө, кассалык чыгым 4542,7 миң сомго жүргүзүлүп 100,0% га аткарылган.

**Жергиликтүү бюджеттин казыналыктын аткарылышына талдоо:**

Чаткал финансы башкармалыгында 2024-жылдын 1-январына карата 32 бюджеттик мекеме тейленип келген. Анын ичинен: республикалык бюджеттен каржылануучу 24 мекеме, жергиликтүү бюджеттен каржылануучу 8 мекеме.

Чаткал финансы башкармалыгы бюджеттик мекеме уюмдарга эсеп ачуунун, жабуунун жол жоболорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №444 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибин бекитүү тууралуу" Тартибинин негизинде жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-августундагы №488 токтому менен бекитилген "Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндөгү" Нускамага ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кассалык аткарылышы, казына бөлүмүнүн башкы китебинин жыйынды балансы, бюджеттик мекеме уюмдардын казынадагы эсеп китептеринин эсеп-кысап иштери автоматташтырылган программада жүргүзүлөт. Ар бир операциялык күндүн жыйынтыгында бардык бюджеттик мекемелер боюнча казыналык эсеп китептеринин автоматташтырылган программада бир күндүк операциялардын калдыктары чыгарылып, бир айлык жана жыл башынан берки жыйынтыктар чыгарылат. Казыналык эсеп китептердин жыйынтыктарынын негизинде Чаткал финансы башкармалыгынын башкы китебинин жыйынды балансы жүргүзүлөт. Ар айдын жыйынтыгында айлык жана жыл башынан тартып жыйынды баланс Борбордук казынага автоматташтырылган түрдө тапшырылат.

Бардык бюджеттик мекемелердин киреше жана чыгаша операциялары финансы башкармалыгы менен байланышсыз түрдө интернет-байланыш аркылуу, электрондук санариптик кол коюу жолу (флешка) менен жүргүзүлөт. Борбордук казынанын 2017-жылдын 22-июнундагы №05-04-5/7007 катынын негизинде бюджеттик мекемелерден чыгаша операцияларды жүргүзүү үчүн кагаз түрүндө табыштамалар (заявка), төлөө тапшырмалар, келишимдер жана башка документтер талап кылуусу токтотулган. Чыгашалар бюджеттик мекемелердин эсептеринде болгон калдыктарга ылайык жана сметалык лимиттердин негизинде жүргүзүлөт.

2024-жылы казыналыктын жылдык балансы боюнча жалпы 5611841,3 миң сомдук салык жана салыктык эмес кирешелер (атайын каражаттарды кошпогондо) келип түшкөн. Анын ичинен: республикалык бюджетке 5119955,4 миң сом, жергиликтүү бюджетке 491885,9 миң сом чегерилген.

2024-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттерден 55448,5 миң сом чыгымдалган.

2024-жылы республикалык бюджеттен каржылануучу мекемелердин жалпы чыгашалары атайын каражаттарды кошпогондо 271337,8 миң сомду түзгөн.

Жергиликтүү бюджеттин жалпы чыгашасы атайын каражаттарды кошпогондо 307846,7 миң сомду түзгөн.

Чаткал районунун жергиликтүү бюджеттин негизги киреше эсептеринде (местный нераспределенный) 2024-жылдын 1-январына 38063,9 миң сомдук калдык менен өтүп, жогоруда көрсөтүлгөн түшкөн кирешелерди жана чыгашаларды эске

алганда 2024-жылдын 31-декабрына жергиликтүү бюджеттин негизги киреше эсептеринде 29778,5 миң сом калдык калган.

Жергиликтүү бюджетте турган мекемелердин атайын каражаттарынын калдыгы жылдын башына 2940,5 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 35344,0 миң сом түшүп, 34802,1 миң сом чыгымдалып, жылдын аягына 3482,4 миң сом калдык калган.

Жергиликтүү бюджетте турган мекемелердин депозиттик эсептеринде жылдын башында 5507,0 миң сом калдык бар болгон. Жыл ичинде 26822,8 миң сом түшүп, 25516,6 миң сом кайтарылып, жылдын аягына 6813,2 миң сом калдык калган.

Республикалык бюджетте турган мекемелердин атайын каражаттарынын калдыгы 2024-жылдын 1-январына 7864,3 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 40108,9 миң сом түшүп, 28168,6 миң сом чыгымдалып, жылдын аягына 19804,6 миң сом калдык калган.

Республикалык бюджетте турган мекемелердин депозиттик эсептеринде жылдын башында 3160,9 миң сом калдык бар болгон. Жыл ичинде 7506,8 миң сом түшүп, 6942,5 миң сом кайтарылып жылдын аягына 3725,2 миң сом калдык калган.

Чаткал финансы башкармалыгы менен Чаткал райондук салык кызматынын башкармалыгынын ортосунда түшкөн кирешелер боюнча ай сайын акт түзүлгөн. Түзүлгөн актыларда айырмаларга жол берилген эмес.

Ашыкча төлөнгөн салыктарды бюджеттен кайтаруулар жана салыктын башка түрлөрүнө жылдыруулар райондук салык башкармалыгынын STI 012 жана STI 013 формасындагы корутундулардын (заключение) негизинде жүргүзүлгөн. Ал эми салыктык эмес төлөмдөрдөн туура эмес төгүлгөн акча каражаттары боюнча Чаткал финансы башкармалыгында төлөөчүлөрдүн кат жана арыздарынын негизинде тактоолор жүргүзүлүп корутунду жазылган. Аткарылган корутундулардын эсебин алып баруу үчүн Чаткал финансы башкармалыгында атайын журнал ачылган. 2024-жылы 116423,6 миң сомдук 205 корутунду аткарууга алынган. 2024-жылы бюджеттердин ортосундагы ар кандай деңгээлдеги кирешелерди эсепке алуу жана бөлүштүрүү бекитилген нормативдик чегерүүлөрдүн негизинде жүргүзүлгөн. Нормативдик чегерүүлөр сакталган.

Такталбаган казыналык бюджеттик жана атайын каражат эсептеринде (КСК невыясненный счет-Б,С) 2024-жылдын 01-январына жана 31-декабрына карата калдык болгон эмес. Жыл ичинде бул эсептерге келип түшкөн каражаттар такталып, тиешелүү эсептерге которулган.

Бюджеттик мекемелердин накталай чыгашалары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 28-сентябрындагы №131-Б буйругу менен бекитилген «Бюджеттик каражаттарды алуучулар» төлөө картасын чыгарууну уюштуруу жана эсептешүүлөрдү жузөгө ашыруу боюнча иш тартиби жөнүндөгү” Жобого ылайык жүргүзүлгөн.

2024-жылы Чаткал райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнөн (САКБ) аткарууга токтом келген эмес.

Чаткал финансы башкармалыгына бюджеттик мекемелер тарабынан айлык, кварталдык жана жылдык Ф№2, Ф№4 жана “Бюджеттик каражаттарды алуучулар» төлөө картасынын отчеттору тапшырылат. Аталган отчеттордун негизинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө жалпы отчеттор түзүлүп, Борбордук казыналыкка автоматташтырылган программа аркылуу тапшырылат.

Бюджеттик мекемелердин финансы башкармалыгына тапшырган Ф№2 жана Ф№4 отчетторду Борбордук казынага тапшырылган отчеттору (макеттер) менен тандалма жолу менен салыштырганда айырмачылык аныкталган жок.

Чаткал финансы башкармалыгынын республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетторго номерлер коюлуп, атайын папкаларга тигилген.

**Жергиликтүү бюджеттердин божомолунун түзүлүшүнө талдоо жана бюджеттин резервдерин аныктоо:**

Чаткал району боюнча мамлекеттик салык башкармалыгынын 7-Н формасынын отчетунда **01.01.2024-жылга** төлөнбөгөн негизги салык карыздарынын суммасы 21908,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- киреше салыгы – 870,0 миң сом;
- пайдага салыгы – 12634,4 миң сом;
- кошумча нарк салыгы – 4556,8 миң сом;
- жер салыгы – 1162,0 миң сом ;
- кыймылсыз мүлккө салыгы –179,2 миң сом;
- кыймылдуу мүлккө салыгы – 155,2 миң сом;
- жер казынасын пайдалануудан алынуучу салык – 1,0 миң сом;
- сатуудан алынуучу салыгы – 625,9 миң сом;
- кошумча нарк салыгы (ЕАЭС) – 130,6 миң сом;
- башка салыктардан – 1593,1 миң сом.

**01.01.2025-жылга** төлөнбөгөн салык карыздарынын суммасы 24257,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- киреше салыгы – 339,0 миң сом;
- пайдага салыгы – 12741,2 миң сом;
- кошумча нарк салыгы – 836,5 миң сом;
- жер салыгы – 1254,9 миң сом ;
- кыймылсыз мүлккө салыгы – 212,5 миң сом;
- кыймылдуу мүлккө салыгы – 1123 миң сом;
- жер казынасын пайдалануудан алынуучу салык 48,0 миң сом;
- сатуудан алынуучу салыгы – 1368,0 миң сом;
- кошумча нарк салыгы (ЕАЭС) – 1478,6 миң сом;
- башка салыктардан – 1856,1 миң сом.

01.01.2024-жылга салыштырмалуу, 01.01.2025-жылга карата төлөнбөгөн салык боюнча карыздар 2349,6 миң сомго көбөйгөн.

Төлөнбөгөн салыктар боюнча карыздардын өзгөрүүсүн ала турган болсок, 10 түрдүн 2 түрүнөн өткөн жылга салыштырмалуу жалпысы 4251,3 миң сомго салык карыздары азайса, 8 түрү боюнча жалпысы 6600,9 миң сомго салык карыздары көбөйгөн.

**Административдик-аймактык реформа боюнча аудит:**

Чаткал районунун аймагында КР Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ № 370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын жана КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” №52 токтомун ишке ашыруу боюнча Чаткал районунун “Жол картасы” бекитилип, КР Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ № 370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын жана КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” №52 токтомун ишке ашыруу боюнча Чаткал районунун “Жол картасы” бекитилип, анын негизинде төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылган.

Жарлыкта Чаткал районунун:

-Каныш-Кыя жана Чаткал айыл аймактарын бириктирип, Каныш-Кыя айылын административдик борбор деп аныктоо менен Каныш-Кыя айыл аймагы деп атоо;

- Чаткал районунун Терек-Сай жана Сумсар аймактарын бириктирип, Терек-Сай айылын административдик борбор деп аныктоо менен Терек-Сай айыл аймагы деп атоо.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2024-жылдын 15-январындагы №52-4 Жарлыкты аткаруу тууралуу буйругу келип, анын негизинде Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан Жарлыкты аткаруу максатында 2023-жылдын 23-августундагы №202-б буйругу чыгарылып, жумушчу топ курамы жана аткарылуучу иш-чаралар планы бекитилип, айыл өкмөттөргө жана тиешелүү райондук мекеме ишкана жетекчилерине аткаруу үчүн жиберилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан Жарлыкты аткаруу боюнча иш чаралар планы түзүлүп аткаруу чаралары көрүлгөн.

Биригип жаткан айыл өкмөттөрдүн кызматкерлерин тандап алып, жаңы түзүлүп жаткан айыл өкмөттүн аппаратын түзүү максатында, райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан 2024-жылдын 16-январында №14-б буйругу менен кадрларды тандоо боюнча макулдашуу комиссиясы түзүлүп иш жүргүзүлгөн.

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” № 52 токтомуна ылайык, айыл өкмөттөрдүн кызматкерлерине пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп, айыл өкмөттөр биригип, жаңы айыл өкмөт түзүлүшү боюнча маалыматтар менен тааныштырылган.

● Чаткал районунда АТРдин негизинде Каныш-Кыя жана Чаткал айыл аймактары биригип, **Каныш-Кыя** айыл аймагы болуп жаңыдан түзүлгөн:

1. **Каныш-Кыя айыл өкмөтү**: 01.03.2024-ж. 301586-3303-У-екаттоо номери, ИНН 00104202410510 менен "Чаткал айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемеси аталышында юстициядан каттоодон өткөн.
2. **Каныш-Кыя айыл аймагынын айылдык кеңеши**: 05.04.2024-жылдагы. 301819-3303-У-е каттоо номери, ИНН 02603202410363 менен "Каныш-Кыя айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси аталышында юстициядан каттоодон өткөн.

**2** АТРдин негизинде Терек-Сай жана Сумсар айыл аймактары биригип, **Терек-Сай** айыл аймагы айыл өкмөтү болуп жаңыдан түзүлгөн:

1. **Терек-Сай айыл өкмөтү:** 01.04.2024-ж. 301564-3303-У-е каттоо номери, ИНН 00504202410012 менен "Терек-Сай айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемеси аталышында юстициядан каттоодон өткөн.
2. **Терек-Сай айыл аймагынын айылдык кеңеши**:25.03.2024-жылдагы 188271-3303-У-е каттоо номери, ИНН 01001202010157 менен "Терек-Сай" айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси аталышында юстициядан каттоодон өткөн.

Аталган жол картага ылайык райондогу 2 айыл өкмөттүн башчылары тарабынан Жарлык жана административдик-аймактык реформанын алкагында жүргүзүлө турган кайра уюштуруу жана кадрдык кыскаруулар тууралуу ар бир кызматкерге билдирүү берилип, таанышкандыгы тууралуу кол тамгалар алынган. Каныш-Кыя айыл аймагына бириктирилген Каныш-Кыя, Чаткал, Терек-Сай айыл аймагына бириктирилген Терек-Сай айыл аймагына бириктирилген Терек-Сай, Сумсар айыл аймактарынын жергиликтүү кеңештеринин кезексиз сессиялары болуп, жаңыдан түзүлгөн Каныш-Кыя, Терек-Сай айыл өкмөттөрү жана айыл өкмөттөрдүн айылдык кеңештеринин аталышы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өтүшүп, “Е-Кызмат”, “Инфодокс”, “Санарип аймак” системаларына туташтырылган. Бириктирилген айыл аймактарынын, калктуу конуштардын карамагында турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрү, материалдык жана материалдык эмес активдерди, пассивдерди, финансылык каражаттары шаарларга жана айыл аймактарына мыйзамдарда белгиленген тартипте өткөрүп берилген. 2024-жылдын 1-апрелинен баштап, 2 айыл өкмөттө Кыргыз

Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомунун негизинде административдик муниципалдык кызматкер 24, ал эми келишим негизинде 31 кызматкер, 9 кенже тейлөөчү кызматкерлер ишке кабыл алынган. Жалпысы район боюнча 64 кызматкер иш менен камсыз болуп, токтомдо көрсөтүлгөн штаттык бирдиктерге ылайык келтирилген. Пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында кыскартылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык кызматчыларын, кенже жана техникалык тейлөөчү персоналдын кызматкерлерин эмгектик мыйзамдарына жана мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын мыйзамдарына ылайык, бош орундарга ишке орноштуруу боюнча зарыл болгон чаралар көрүлгөн. Райондук эмгек, миграция жана социалдык камсыздоо башкармалыгында катталган, кыскарган кызматкерлерге 7118,1 миң сом компенсациялар төлөнүп берилген.

## ЖЫЙЫНТЫК:

Жалал-Абад областынын Чаткал районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгында жалпы **16864,8 миң сомдук** каржы бузуулар аныкталды, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон каржы бузуулар **14706,0 миң сом**, аудит учурунда ордуна коюлганы **5270,7** миң сом *(бюджетке 1837,7 миң сом жана мекемеге 3433,0 миң сом)*, ордуна коюлбаган калдык сумма **9435,3 миң сомду** түздү.

**Бузуулардын классификатору боюнча:**

- **(210104)** Тиешелүү бюджетке кирешелерди чегерүү/которуу маселелеринде мамлекеттик органдын, өз алдынча башкаруу органдарынын же чарба жүргүзүүчү субьектердин чечимдеринин дал келбестиги **610,0 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 216,6 миң сом бюджетке ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 393,4 миң сомду түздү;

- **(230207)** Курулуш-куроо иштеринин наркын жана/же көлөмүн жогорулатуу **11500,6 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 2887,7 миң сом ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 8612,9 миң сомду түздү;

- **(230303)** Кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **2193,3 миң сом**, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш сумма **126,6 миң** сомду түзөт, бюджетке толук ордуна коюлду.

**- (230305)** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **92,1 миң сом**, ордуна коюлууга жатпайт;

- **(230402)** Отчеттуу жак катары саналган кызматкерлерге берилген каражаттар боюнча карыздын талап кылынбагандыгы **216,7 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 36,8 миң сом бюджетке ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 179,9 миң сомду түздү;

- **(310104)** Негизги каражаттардын кириштөө тартибин бузуу,негизги каражаттардын жана метериалдык эмес активдердын эскиргендигин эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте кириштелбеген,эсепке алынбаган мүлктүн болушу **1929,6 миң сом**, аудит учурунда толук мекемеге ордуна коюлду;

- **(310105)** Мүлктүн жана акчалай каражаттардын (зыян келтирүү, жоготуу, уурдоо) кем чыгуусу **73,4 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 15,2 миң сом бюджетке, 58,2 миң сом мекемеге ордуна коюлду.

- **(410215)** Дебитордук карыздыр боюнча эсеп жүргүзүүдөгү бузуулар **249,1 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок.

**Анын ичинен жергиликтүү өз-алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык, бюджеттик мекемелер боюнча:**

**1. Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы боюнча** *(администрация башчысы-аким А.Ж Сеңирбаев, башкы бухгалтери Д. А Сатибеков)* аудит мамлекеттик инспектор М. Исмаилов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндөгү" токтомунун 2-тиркемесинин талаптары туура аткарылбаган, тактап айтканда эмгек акы төлөөдө 6 кызматкердин эмгек стаждарына жалпы **126,6 миң сом** ашыкча төлөөлөр жүргүзүлгөн, андан: А.Ж.Сеңирбаевге 58,7 миң сом, Р.А.Асанбаевге 36,2 миң сом, Э.Ш. Аликеевге 14,1 миң сом, Д.А. Сатибековго 4,4 миң сом, Ж. Өскөновага 9,1 миң сом, А. Сулаймановага 4,2 миң сом. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында бюджетке толук өндүрүлдү **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндөгү" токтомунун 2-тиркемесинин талаптарын бузуу менен 6 кызматкердин эмгек стаждары үчүн ашыкча төлөөлөрдү жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгы боюнча** *(башчысы А. Ш. Субанов, бюджеттик координациялоо бөлүмүнүн башкы адиси Э. Ш. Аликеева)* аудит мамлекеттик инспектор М.Исмаилов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, КРнын финансы министрлигинин Чаткал финансы башкармалыгынын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**3. Чаткал райондук өнүктүрүү фонду мекемеси боюнча** *(башчысы А.Ш.Субанов, эсепчиси Ж. У. Орозбаев)* аудит мамлекеттик инспектор М.Исмаилов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3-пунктунун 7-пунктчасынын талаптары сакталбагандыгы аныкталды. Тактап айтканда, мурунку эсепчи М.Молдалиевге 17,0 миң сомдук 13-эмгек акы эсептелбей калган.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3-пунктунун 7-пунктчасынын талаптарын бузуу менен мурунку эсепчи М.Молдалиевге 13-эмгек акынын эсептелбей калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**4."Каныш-Кыя" айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча** *(башчысы Б. А. Турдалиев каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы М. Т. Ташбаев)* аудит мамлекеттик инспектор М.Исмаилов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1. 2023-жыл мезгил аралыгы үчүн мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында** аныкталган каржы бузуулардан азыркы күнгө чейин **798,5 миң сом** калыбына келтирилбегендиги такталды.

**1) Каныш-Кыя айыл өкмөтү боюнча** айыл чарбага жарабаган жерди убактылуу ижарага иштеткендиги үчүн эсептелген 2179,2 миң сомдук жер (мүлк) салыгынан

өндүрүлбөй калган **149,2 миң сом** калдык сумма тиешелүү ишканалардын эсебинен жергиликтүү бюджетке өндүрүлбөгөн;

**2) Чаткал айыл өкмөтү боюнча:**

- эмгек акыга негизсиз ашыкча төлөнгөн 149,4 миң сомдон **11,5 миң сом** калдык сумма өндүрүлбөй калган.

- сапар чыгымдарынан жол кире чыгымдары үчүн ашыкча төлөнгөн 128,1 миң сомдон **16,2 миң сом** өндүрүлбөй калган;

- Жаңы-Базар айылындагы райондук өнүктүрүү фондунун каражатынын эсебинен аткарылган «Баластан» балдар бакчасынын капиталдык ремонту» обьектиси боюнча утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерин аткарууда аныкталган **621,6 миң сом** кошуп жазуулар «Империя Кахаровы» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылбаган *(укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 23.06.2025-жылдагы №01-3/173 каттын негизинде КР УКМК Жалал-Абад областы боюнча башкармалыгына жиберилген).*

**Сунуштама 1. 2023-жыл мезгил аралыгы үчүн мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында** аныкталып, азыркы күнгө чейин калыбына келтирилбеген **798,5 миң сомдук** каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн:

**1) Каныш-Кыя айыл өкмөтү боюнча** айыл чарбага жарабаган жерди убактылуу ижарага иштеткендиги үчүн эсептелген жер (мүлк) салыгынан өндүрүлбөй калган 149,2 миң сом калдык сумма тиешелүү ишканалардын эсебинен жергиликтүү бюджетке өндүрүлсүн;

**2) Чаткал айыл өкмөтү боюнча:**

- эмгек акыга негизсиз ашыкча төлөнгөн 149,4 миң сомдон калыбына келтирилбеген **11,5 миң сом** калдык сумма бюджетке кайтарылсын;

- сапар чыгымдарынан жол кире чыгымдары үчүн ашыкча төлөнгөн 128,1 миң сомдон калыбына келтирилбеген **16,2 миң сом** калдык сумма тиешелүү кызматкерлердин эсебинен калыбына келтирилсин;

- Жаңы-Базар айылындагы райондук өнүктүрүү фондунун каражатынын эсебинен аткарылган «Баластан» балдар бакчасынын капиталдык ремонту» обьектиси боюнча утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерин аткарууда аныкталган **621,6 миң сом** кошуп жазууларды «Империя Кахаровы» ЖЧКсы тарабынан бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныктама жана корутунду 2.** Каныш-Кыя айыл өкмөтү тарабынан кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүдө, Каныш-Кыя айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 14-февралындагы №21 токтомуна негиз, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерине конкурс өткөрүлбөстөн түз берилген. Каныш-Кыя айылдык Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 14-февралында кабыл алынган №21 токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун талаптарына шайкеш келбейт.

Каныш-Кыя айыл өкмөтү тарабынан кайра бөлүштүрүү фондунун суугат жерлерин ижарага берүүдө, КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобосунун 3-пунктунун талаптары бузулуп, 2024-жылы 418,6 га суугат жер аянты 7-жылдык мөөнөт менен ижарага берилген. Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүдөн **665,0 миң сом** ижара акы өндүрүлбөй калган. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында КБФнун жерлеринин ижара акы төлөмдөрүнөн 545,3 миң сом өндүрүлдү.

Эскертүү: Өндүрүлбөй калган 119,7 миң сомду ижара акы төлөмдөрүн өндүрүү боюнча Каныш-Кыя айыл өкмөтү Чаткал райондук прокуратурасына 30.12.2025-жылдагы №01-18/5031 кат менен кайрылган.

**Сунуштама 2.** Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун талаптарын бузууга, б.а. ижарага берилген кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акы төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрбөгөн жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүдөн өндүрүлбөй калган **119,7 миң сом** ижара акы төлөмдөрүн өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныктама жана корутунду 3.** Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн тийиштүү кызматкерлери тарабынан айыл чарба багытындагы жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерди жеке менчикке берүүдө, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесинин 3-пунктунун, 29-беренесинин 1-2-пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун 1, 2 жана 4-пункттарынын талаптарына жана Кыргыз Республикасынын эч бир ченемдик укуктук актыларына таянбай эле төмөнкү жер аянттары акы төлөмү жок бекер берилген:

**1.** Ак-Таш айылынын тургуну Максымбеков Ирланбекке 2024-жылдын 24-сентябрындагы №116 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Ак-Таш айылынын Ш.Исматов көчөсүндүгү өзүнүн ашыкча коргологон жер участкасынан баасы **27,7 миң сомдук** 200м. кв. жер аянты.

**2.** Ак-Таш айылынын тургуну Исабеков Эрнис Ниязбековичке 2024-жылдын 21-августундагы №105 токтому менен сарай салууга Уйгактуу-Сай участкасынан баасы **203,5 миң сомдук** 5000м. кв. жер аянты.

**3.** Каныш-Кыя айылынын тургуну Абдырахманова Жаркынай Айтыкуловнага 2024-жылдын 23-июлундагы №90 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Каныш-Кыя айылынан өзүнүн ашыкча коргологон жер участкасынан баасы **16,3 миң сомдук** 100м. кв. жер аянты.

**4.** Курулуш айылынын тургуну Анарбек уулу Аманга 2024-жылдын 23-июлундагы №89 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Курулуш айылынын Раманкулов Каныбектин ашыкча коргологон жер участкасынан баасы **34,6 миң сомдук** 300м. кв. жер аянты.

**5.** Каныш-Кыя айылынын тургуну Байдулетов Бектур Абдырахмановичке 2024-жылдын 7-июнундагы №60 токтому менен Байдулетов Абдырахмандын кичи дүкөнүнүн күн чыгыш тарабынан кичи ишкерлик жүргүзүү максатында баасы **68,0 миң сомдук**, 500м. кв жер аянты Кыргыз Респуликасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 10-беренесине ылайык берилген.

Жыйынтыгында жалпы **350,1 миң сомдук** жер аянты эч кандай акы төлөмү жок бекер берилип, бюджеттик жоготууга жол берилген. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 68,0 миң сом бюджетке өндүрүлдү, өндүрүлбөй калган калдык сумма **282,1 миң сомду** түзөт **(классификатор боюнча коду 210104)**.

**Эскертүү:**

**1.** Жер аянттарынын баалары "Жалал-Абад-Баалоо консалтинг маалымат борбору" ЖЧКсынын 2025-жылдын 7-июлундагы №137 каттынын негизинде алынды.

**2.** КР 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 10-беренесинде акимдин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун тартиби жөнүндө көрсөтүлгөн, б.а жерди жеке менчикке берүүдө жогорку мыйзамдын эч кандай тиешеси жок.

**Сунуштама 3.** Жерлерди жеке менчикке берүүдө, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесинин 3-пунктунун, 29-беренесинин 1-2-пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же

ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун 1, 2 жана 4-пунктарынын талаптары сакталсын. Каржы жана башка бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Эч кандай акы төлөмү жок бекер берилген жер аянттары үчүн бюджеттик жоготууга жол берилен 350,1 миң сомдон өндүрүлбөй калган **282,1 миң сомун** бюджетке өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Эскертүү:** Жерлерди жеке менчикке берүүдө, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесинин 3-пунктунун, 29-беренесинин 1-2-пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун 1, 2 жана 4-пунктарынын талаптарын бузуу менен эч кандай акы төлөмү жок бекер берилген жер аянттары үчүн бюджеттик жоготууга жол берилен **350,1 миң сомго** укуктук баа берүү үчүн, аудиттин материалдары 15.01.2026-жылдагы №01-3/39 каттын негизинде Чаткал райондук прокуратурасына жиберилди.

**Аныктама жана корутунду 4.** Жаңы-Базар айылынын тургуну Папан уулу Азаматка 2024-жылдын 17-сентябрындагы №114 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Каныш-Кыя айылынын Т. Кошбаев көчөсүндө жайгашкан райондук архивдин бет маңдайындагы 600 $м^2$ жер аянты 2023-жылдын 2-февралындагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №14 протоколунун негизинде берилген.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №14 протоколунда 600 $м^2$ жер аянтынын баасы 14,6 миң сом болгондугу көрсөтүлгөн. Бирок, Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай адиси Батырбеков Ильясбек Азанканович, аудит учурунда өткөрүлгөн аукциондун материалдарын көрсөтө алган жок.

Жаңы-Базар айылынын тургуну Папан уулу Азаматка Каныш-Кыя айылынын Т.Кошбаев көчөсүндө жайгашкан райондук архивдин бет маңдайындагы 600 $м^2$ жер аянты ушул убакытка чейин бөлүнүп бериле элек.

Аукцион өткөрүүдө жердин баштапкы баасын аныктоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун 37-пунктунун талабы сакталган эмес.

"Жалал-Абад-Баалоо консалтинг маалымат борбору" ЖЧКсынын 2025-жылдын 7-июлундагы №137 каттын негизинде Каныш-Кыя айылынын Т. Кошбаев көчөсүндө жайгашкан райондук архивдин бет маңдайындагы 600 $м^2$ жер аянтынын баасы 97,9 миң сом экендиги аныкталды. Жыйынтыгында **83,3 миң сом** (97,9-14,6=83,3) бюджеттик жоготууга жол берилген. Папан уулу Азамат тарабынан 2024-жылдын 29-апрелинде **14,6 миң сом** акча каражаты төлөнгөн.

Каныш-Кыя айылынын тургуну Тургунбаева Батма Манасбековнага 2024-жылдын 30-декабрындагы №206 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Каныш-Кыя айылынын Т.Кошбаев көчөсүнүн чыгыш тарабынан 200 $м^2$ жер аянты 2023-жылдын 16-октябрындагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №10 протоколунун негизинде берилген.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №10 протоколунда 200 $м^2$ жер аянтынын баасы 11,0 миң сом болгондугу көрсөтүлгөн. Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №14 протоколунда тактап кетүүчү жагдай Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай адиси Батырбеков Ильясбек Азанканович тарабынан аудит учурунда өткөрүлгөн аукциондун материалдарын көрсөтө алган жок.

Аукцион өткөрүүдө жердин баштапкы баасын аныктоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик -же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37-пунктунун талабы сакталган эмес.

“Жалал-Абад-Баалоо консалтинг маалымат борбору” ЖЧКсынын 2025-жылдын 7-июлундагы №137 каттын негизинде Каныш-Кыя айылынын Т. Кошбаев көчөсүнүн чыгыш тарабындагы 200 $м^2$ жер аянтынын баасы 32,6 миң сом экендиги аныкталды. Жыйынтыгында **21,6 миң сом** (32,6-11,0=21,6) бюджеттик жоготууга жол берилген. Тургунбаева Батма Манасбековна тарабынан 2024-жылдын 26-сентябрында **11,0 миң сом** акча каражаты төлөнгөн.

Айгыр-Жал айылынын тургуну Байышбеков Бексултан Нуркамиловичке 2024-жылдын 13-ноябрындагы №156 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Кара-Булак айылынын “Кармоцех” участкасынын күн чыгыш тарабынан 200 $м^2$ жер аянты 2023-жылдын 2-февралындагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №17 протоколунун негизинде берилген.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №17 протоколунда 200$м^2$ жер аянтынын баасы 4,8 миң сом болгондугу көрсөтүлгөн. Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №17 протоколунда тактап кетүүчү жагдай Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай адиси Батырбеков Ильясбек Азанканович тарабынан аудит учурунда өткөрүлгөн аукциондун материалдарын көрсөтө алган жок.

Аукцион өткөрүүдө жердин баштапкы баасын аныктоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37- пунктунун талабы сакталган эмес.

“Жалал-Абад-Баалоо консалтинг маалымат борбору” ЖЧКсынын 2025-жылдын 7-июлундагы №137 каттынын негизинде Каныш-Кыя айылынын Т. Кошбаев көчөсүнүн чыгыш тарабындагы 200 $м^2$ жер аянтынын баасы 31,6 миң сом экендиги аныкталды. Жыйынтыгында **26,8 миң сом** (31,6-4,8=26,8) бюджеттик жоготууга жол берилген. Байышбеков Бексултан Нуркамилович тарабынан 2024-жылдын 13-ноябрында **4,8 миң сом** акча каражаты төлөнгөн.

Каныш-Кыя айылынын тургуну Казаков Бекболот Казаковичке 2024-жылдын 25-октярындагы №126 токтому менен кичи дүкөн куруу үчүн Каныш-Кыя айылында жайгашкан Орозбаев Дастандын турак үйүнүн түндүк тарабынан 200 $м^2$ жер аянты 2023-жылдын 2-февралындагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №19 протоколунун негизинде берилген.

2023-жылдын 2-февралындагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №19 протоколун аудит учурунда көрсөтө алышкан жок. Бирок, Казаков Бекболот Казакович тарабынан 2024-жылдын 30-сентябрында **5,6 миң сом** акча каражатын төлөнгөн.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №17 протоколунда 200$м^2$ жер аянтынын баасы 4,8 миң сом болгондугу көргөзүлгөн. Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №17 протоколунда тактап кетүүчү жагдай Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай адиси Батырбеков Ильясбек Азанканович тарабынан аудит учурунда өткөрүлгөн аукциондун материалдарын көрсөтө алган жок.

Аукцион өткөрүүдө жердин баштапкы баасын аныктоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37-пунктунун талабы сакталган эмес.

“Жалал-Абад-Баалоо консалтинг маалымат борбору” ЖЧКсынын 2025-жылдын 7-июлундагы №137 каттын негизинде Каныш-Кыя айылында жайгашкан Орозбаев Дастандын турак үйүнүн түндүк тарабынан 200 $м^2$ жер аянтынын баасы 32,6 миң сом экендиги аныкталды. Жыйынтыгында **27,0 миң сом** (32,6-5,6=27,0) бюджеттик жоготууга жол берилген.

Курулуш айылынын тургуну Таирова Гүльжан Талиповнага 2025-жылдын 10-февралындагы №10 токтому менен кондитердик цех куруу үчүн Курулуш айылынын 1200$м^2$ жер аянты 2024-жылдын 16-сентябрындагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянтын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №1 протоколунун негизинде берилген.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянтын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №1 протоколунда 1200 $м^2$ жер аянтынын баасы 62,0 миң сом болгондугу көрсөтүлгөн. Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүү боюнча комиссиясынын №1 протоколунда тактап кетүүчү жагдай, Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай адиси Батырбеков Ильясбек Азанканович тарабынан аудит учурунда өткөрүлгөн аукциондун материалдарын көрсөтө алган жок, б.а. 2024-жылы аукцион өткөрүлгөн жок деп түшүнүк кат жазды.

Аукцион өткөрүүдө жердин баштапкы баасын аныктоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37-пунктунун талабы сакталган эмес.

“Жалал-Абад-Баалоо консалтинг маалымат борбору” ЖЧКсынын 2025-жылдын 7-июлундагы №137 каттын негизинде Курулуш айылындагы 1200 $м^2$ жер аянтынын баасы 163,2 миң сом экендиги аныкталды. Жыйынтыгында **101,2 миң сом** (163,2-62,0=101,2) бюджеттик жоготууга жол берилген.

Жыйынтыгында, жалпы **259,9 миң сомдук** (357,9-98=259,9) бюджеттик жоготууга жол берилген. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 148,6 миң сом бюджетке өндүрүлүп, өндүрүлбөй калган калдык сумма 111,3 миң сомду түздү **(классификатор боюнча коду 210104)**.

Аудит учурунда, өткөрүлгөн аукциондордун тийиштүү иш кагаздарын Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай боюнча адиси И.А.Батырбеков көрсөтө албагандыктан, өткөрүлгөн аукциондордун укуктук ченемдик актыларга шайкеш келүүсүн аныктоого мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37-пунктунун талаптарын бузуу менен бюджеттик жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүүдөгү 3 обьекти боюнча **111,3 миң сомдук** бюджеттик жоготууну бюджетке өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Эскертүү:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37-пунктунун талаптарын бузуу менен айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүүдөгү 4 объекти боюнча **259,9 миң сомдук** бюджеттик жоготууга

укуктук баа берүү үчүн, аудиттин материалдары 15.01.2026-жылдагы №01-3/39 каттын негизинде Чаткал райондук прокуратурасына жиберилди.

**Аныктама жана корутунду 5.** Каныш-Кыя айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 19-апрелиндеги №10 токтомунун негизинде келишим менен иштеген кызматкерлердин штаттык бирдигин бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтомунда көрсөтүлгөн штаттык бирдиктен 3 штаттык бирдик ашыкча бекитилген. Ашыкча бекитилген бирдиктер үчүн 2024-жылы 1029,9 миң сом эмгек акы, 173,2 миң сом милдеттүү социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү (17,25%), жалпы **1203,1 миң сом** эсептелген.

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтомунда көрсөтүлгөн штаттык бирдиктен маданият тармагына маданият кызматкерлер бөлүмүнөн 1 эсепчи штат бирдиги ашыкча кармалган. Ашыкча кармалган эсепчи штат бирдиги үчүн 2024-жылы 235,2 миң сом эмгек акы, 40,6 миң сом милдеттүү социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү (17,25%), жалпы **275,8 миң сом** эсептелген.

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтомунда көрсөтүлбөгөн төмөнкү штат бирдиктер, келишимдин негизинде ар-түрдүү кызматтарды сатып алуу беренесинен кармалган. Алар:

1) Каныш-Кыя айылынын башчысы - 2024-жылы 383,9 миң сом эмгек акы, 58,2 миң сом милдеттүү социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү (17,25%), жалпы **442,1 миң сом** эсептелген.

2) Ак-Таш айылынын электриги - 2024-жылы 124,2 миң сом эмгек акы, 21,4 миң сом милдеттүү социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү (17,25%), жалпы **145,6 миң сом** эсептелген.

Каныш-Кыя айыл өкмөтү тарабынан ашыкча кармалган 6 штатык бирдиктер үчүн 1773,2 миң сом эмгек акы, 293,5 миң сом милдеттүү социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү (17,25%), жалпы 2066,7 миң сом эсептелген. Жыйынтыгында **2066,7 миң сом** бюджеттик жоготууга жол берилген **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 5.** КР Министрлер Кабинетинин 2024- жылдын 7-февралындагы №52 токтомунда көрсөтүлгөн штаттык бирдиктен ашыкча штаттык бирдиктерди кармоого, ошондой эле ар-түрдүү чыгымдар (2215) беренесинен келишим менен штаттык бирдиктерди кармоого жол берилбесин. Ашыкча штат бирдигин кармоого жол берген тийиштүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныктама жана корутунду 6.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 "Товардык-материалдык баалуулуктардын калдыктарын нускамага ылайык эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттулукту жүргүзүү боюнча» Жобого ылайык, Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 10-июнундагы №493 буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия тарабынан инвентаризация жүргүзүлүп, жыйынтыгында **10,2 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу аныкталды. Кем чыгуулар толугу менен бюджетке калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 310105)**.

**Сунуштама 6.** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга, б.а. материалдык баалуулуктардын кем чыгуусуна жол берилбесин.

**Аныктама жана корутунду 7.** Айыл өкмөттүн баланс отчетуна ылайык, 2024-жылдын 1-январына карата 514,1 миң сом дебитордук, 68,4 миң сом кредитордук карызы болгон. 2024-жыл ичинде бюджеттик каражаттын эсебинен жоопкер

кызматкерлердин картасына которуу жолу менен жоопкерчилике берилген жалпы 5932,4 миң сом каражаттарга жооптуу кызматкерлер тарабынан 6094,1 миң сомго эсеп фактуралар, актылар жазылып, аванстык отчеттор түзүлүп, эсеп бөлүмүнө тапшырылган жана тийиштүү проводкалар менен коштолгон, жыл этегине 273 жоопкерден 460,7 миң сом дебитордук карыз калган. Калган дебитордук карыздардан 2025-жылдын 1-июлуна карата 39 жоопкерден **216,7 миң** сом дебитордук карыз жабылган эмес **(классификатор боюнча коду 230402)**.

Көрүлгөн чаралардын натыйжасында, Каныш-Кыя айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 30.12.2025-жылдагы №01-19/5044 катынын негизинде накталай төлөмгө берилген квитанцияларга ылайык 36,8 миң сом бюджетке өндүрүлдү.

**Сунуштама 7.** Отчет берген адамдар менен эсептешүүнү эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 303, 304, 305, 306-пункттарынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

2025-жылдын 1-июлуна калган 216,7 миң сомдук дебитордук карыздардан өндүрүлбөй калган **179,9 миң сомду** бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныктама жана корутунду 8.** Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 27, 28, 29, 30, 302, 303, 304, 305, 309, 310, 311, 319 жана 320-пункттарынын талаптары сакталган эмес. Бухгалтердик отчеттуулук 1С электрондук программасы менен коштолгон эмес. Мекеменин 2024-жылдын жыйынтыгы менен баланс отчету тиркемелери менен түзүлүп, Финансы министрлигинин Чаткал райондук башкармалыгына тапшырылган. Отчет-учет иштери канааттандыраарлык денгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама 8.** Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык бухгалтердик отчеттуулук 1С электрондук программасы менен коштолсун.

**Аныктама жана корутунду 9.** Чаткал районунун **Каныш-Кыя айыл** өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **6762,6 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды, андан 1442,5 миң сом айыл өкмөтүнүн бюджетине калыбына келтирилди, 355,9 миң сомдук жумуштар аткарылды, ал эми 4964,2 миң сом калыбына келтирилиши зарыл *(1303,5 миң сом бюджетке, 3660,7 миң сомдук жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык аткарылуусу зарыл)*, **(классификатор боюнча коду 230207),** андан:

- **"Коргон-Сай айылынын Кичи-Кумбел участкасына 9 чакырым таза суу түтүгүн тартуу жана суу кампа куруу"** объектиси боюнча подрядчы «Курулуш Уста КГ» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин көлөмү **813,8 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды (АВР октябрь 2024-ж).

Аудиттин негизсиз төлөмгө кабыл алынган **813,8 миң сому** «Курулуш Уста КГ» ЖЧКсынын 2025-жылдын 01-ноябрына карата аткарылган иштеринен кыскартылып, мекеменин бюджетине калыбына келтирилди Каныш-Кыя айыл өкмөтү менен «Курулуш Уста КГ» ЖЧКсынын ортосунда өз-ара эсептешүү жүргүзүлдү;

- **Ак-Таш айылындагы “Керемет-Көч балдар бакчасынын жылытуу системасын реконструкциялоо жана откана куруу”** объектиси боюнча подрядчы «Бишкекэлектро» ЖАКысы тарабынан 2025-жылдын ноябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Котельная” жана “Теплотрасса” бөлүктөрү боюнча жумуштардын көлөмү **432,0 миң сомго** негизсиз жогорулатылган. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 355,9 миң сомдук жумуштар аткарылды, ал эми аткарылбаган жумуштардын калдыгы **76,1 миң сомду** түзөт;

- **“Каныш-Кыя айылындагы жабык типтеги кичи футбол аянтчасын куруу иштерин аягына чыгаруу”** объектиси боюнча подрядчы «Талды-Булак» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын декабрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Электроосвещение” бөлүгү боюнча 34,2 миң сомго жана “Покрытие” бөлүгү боюнча 481,8 миң сомго, жалпысы болуп обьект боюнча жумуштардын көлөмү **516,0 миң сомго** негизсиз жогорулатылган, андан 34,2 миң сом бюджетке кайтарылды, ал эми аткарылбаган жумуштардын калдыгы **481,8 миң сомду** түзөт;

- **“Башкы-Терек айылындагы “Муниципалдык менчиктеги эски кампаны калыбына келтирүү”** объектиси боюнча подрядчы «Периметр» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын декабрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Фундаменты”, “Стены” жана “Фронтон” бөлүктөрү боюнча жумуштардын көлөмү **262,5 миң сомго** негизсиз жогорулатылган.

Аудиттин жүрүшүндө негизсиз төлөмгө кабыл алынган **262,5 миң сом** «Периметр» ЖЧКсынын 2025-жылдын 03-ноябрына карата Каныш-Кыя айыл өкмөтүнөн болгон (дебитордук) аласасынан 262,5 миң сом кыскартылды. Каныш-Кыя айыл өкмөтү менен «Периметр» ЖЧКсынын ортосунда өз-ара эсептешүү жүргүзүлдү.

- **“Айгыр-Жал айылындагы “Исмаил уулу Матиш атындагы орто мектебинин имаратынын ички бөлүгүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү”** объектиси боюнча подрядчы «Соломо Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын сентябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Электроосвещение актового зала” бөлүгү боюнча жумуштардын көлөмү **340,8 миң сомго** негизсиз жогорулатылган.

Ошондой эле «Соломо Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын сентябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында **179,1 миң сом** кызматтардын жана иштердин наркына негизсиз түрдө ***бирдиктүү салык*** кошулган жана төлөмгө кабыл алынган (жалпы **519,9 миң сом**).

- **“Жер-Капчыгай айылындагы А.Баймырзаев атындагы орто мектебинин кошумча имаратын куруу”** обьектиси боюнча 7502,4 миң сомдук аткарылган иштерге контролдук өлчөө тактоо иштеринин жыйынтыгында, «Бакай» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын октябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында жумуштардын көлөмү **289,6 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды, ордуна колган жок.

- **Каныш-Кыя айыл аймагына караштуу “Кайың-Суу айылына 150 орундуу мектеп куруу” жумуштарынын уландысы”** обьектиси боюнча «Дан-Эл-Строй» ЖЧКсы тарабынан 2024-2025 жылдарга тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Резеруар 15м3”, “Вентиляция”, “Класс на открытом воздухе” жана “Иригация” бөлүктөрү боюнча 678,3 миң сомго, ошондой эле “Электроосвещение” (дизельный-генератор) бөлүгү боюнча 2192,2 миң сомго, жалпысы болуп обьект боюнча жумуштардын көлөмү **2870,5 миң сомго** негизсиз жогорулатылган, ордуна коюлган жок.

- **“Каныш-Кыя айыл аймагына караштуу Жер-Капчыгай айылына “ФАПтын имаратын куруу”** объектиси боюнча подрядчы «Грузотрейд» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын ноябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Озеленение” бөлүгү боюнча 136,9 миң сомдук иштер аткарылбастан төлөмгө негизсиз кабыл алынган. Ошондой эле “Котельная с навесом” бөлүгү боюнча 220,6 миң сомдук жана “Навес для угля” бөлүгү боюнча 161,0 миң сомдук жумуштар сапатсыз аткарылгандыктан аткарылган иштер долбоордук чечимдерге дал келбейт.

«Грузотрейд» ЖЧКсы тарабынан жалпысы болуп обьект боюнча **518,5** миң сомдук жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

Андан сыркары «Грузотрейд» ЖЧКсы тарабынан обьектинин (имараттын ичинде) жылытуу системасын жасоодо **207,8 миң сомдук** жумуштар *"Техникалык кеңешменин токтому жок"* тендердик сметада берилген жумуштар өзгөртүлгөн. Тактап айтканда "Буйрутмачынын" макулдугу жок, темир трубалардын ордуна пластик трубалар жана чоюн радиаторлордун ордуна биометал радиаторлору орнотулган.

**- "Каныш-Кыя жана Айгыр-Жал айылдарынын борборуна "4 көздүү коомдук ажатканаларды куруу"** обьектиси боюнча «Пишпек Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын декабрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында **63,2 миң сом** кызматтардын жана иштердин наркына негизсиз түрдө *бирдиктүү салык* кошулган жана төлөмгө кабыл алынган.

**- "Айгыр-Жал айылынын борбордук аянтчасын көрктөндүрүү"** обьектиси боюнча «Пишпек Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын декабрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысы боюнча жумуштардын көлөмү **74,7 миң сомго** негизсиз жогорулатылган.

- "**Коргон-Сай айылындагы Бугу багуучу аймактын тегерегине тосмо тосуу"** обькетиси боюнча «Пишпек Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын декабрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысы боюнча жумуштардын көлөмү **58,8 миң сомго** негизсиз жогорулатылган.

Ошондой эле «Пишпек Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын декабрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында **135,3 миң сом** кызматтардын жана иштердин наркына негизсиз түрдө *бирдиктүү салык* кошулган жана төлөмгө кабыл алынган.

«Пишпек Курулуш» ЖЧКсы тарабынан жалпысы болуп үч курулуш обьектиси боюнча тапшырылган аткарылган иштин актыларында **198,5 миң сом** кызматтардын жана иштердин наркына негизсиз түрдө *бирдиктүү салык* кошулган жана төлөмгө кабыл алынган. Жалпысы болуп бузуулардын суммасы **332,0 миң сомду** түзөт (үч обьект боюнча).

Аудиттин жүрүшүндө «Пишпек Курулуш» ЖЧКсы тарабынан негизсиз төлөмгө кабыл алынган **332,0** миң сом ордуна коюлду. Тактап айтканда «Пишпек Курулуш» ЖЧКсынын 2025-жылдын 01-ноябрына карата Каныш-Кыя айыл өкмөтүнөн болгон (дебитордук) аласасынан 332,0 миң сом кыскартылды жана 2025-жылдын 20-ноябрына сальдо 88,2 миң сомду түздү *(Пишпек Курулуш» ЖЧКсынын пайдасына).* Каныш-Кыя айыл өкмөтү менен «Пишпек Курулуш» ЖЧКсынын ортосунда өз-ара эсептешүү жүргүзүлдү.

**Сунуштама 9.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталып, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилбеген **4964,2 миң сом** төмөнкү тартипте калыбына келтирилсин:

**- Ак-Таш айылындагы "Керемет-Көч балдар бакчасынын жылытуу системасын реконструкциялоо жана откана куруу"** объектиси боюнча негизсиз төлөмгө кабыл алынган 432,0 мин сомдук жумуштардан подрядчы «Бишкекэлектро» ЖАКысы тарабынан аткарылбай калган **76,1 миң сомдук** жумуштар долбоордук чечимге ылайык толук аткарылсын.

**- "Каныш-Кыя айылындагы жабык типтеги кичи футбол аянтчасын куруу иштерин аягына чыгаруу"** объектиси боюнча «Талды-Булак» ЖЧКсы тарабынан **481,8 миң сомук** жумуштар долбоордук чечимге ылайык толук аткарылсын.

**- "Айгыр-Жал айылындагы "Исмаил уулу Матиш атындагы орто мектебинин имаратынын ички бөлүгүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү"** объектиси боюнча подрядчы «Соломо Курулуш» ЖЧКсы тарабынан **340,8 миң сомдук**

жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык толук аткарылсын, **179,1 миң** сом бюджетке кайтарылсын.

- **Жер-Капчыгай айылындагы "А.Баймырзаев" атындагы орто мектебинин кошумча имаратын куруу"** объектиси боюнча **289,6 миң сом** подрядчы «Бакай» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын.

- "**Каныш-Кыя айыл аймагына караштуу "Кайың-Суу айылына 150 орундуу мектеп куруу"** объектиси боюнча **316,3 миң сом** "Подрядчы «Дан-Эл-Строй» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын, ал эми **2554,2 миң сомдук** жумуштар *(Установка воздухонагревателья "Компак-3124" 298,6 миң сомго, "Класс открытом воздухе" 63,4 миң сомго жана "Электроосвещение" (дизельный-генератор) 2192,2 миң сомго орнотуу иштери)* подрядчы «Дан-Эл-Строй» ЖЧКсы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- **"Каныш-Кыя айыл аймагына караштуу Жер-Капчыгай айылына "ФАПтын имаратын куруу"** объектиси боюнча төлөмгө негизсиз кабыл алынган **518,5 миң сом** "Подрядчы" «Грузотрейд» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын. Ал эми обьектинин (имараттын ичинде) жылытуу системасын жасоодо тендердик сметада берилген **207,8 миң сомдук** жумуштарды өзгөртүү жагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн "Техникалык кеңешмесинде" каралсын, техникалык кеңешмесинде оң чечим кабыл алынбаган болсо, жылытуу системасын долбоордук чечимге ылайык подрядчы тарабынан кайрадан жасалсын.

**5. Каныш-Кыя тазалык" муниципалдык ишканасы боюнча** *(башчысы У.Б.Орозбаев, эсепчиси Т.А.Айбеков)* аудит мамлекеттик инспектор М.Исмаилов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, "Каныш-Кыя тазалык" муниципалдык ишканасынын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**6. "Терек-Сай" айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча** *(башчысы К.А.Исраилов, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Т.Т.Субанова)* аудит мамлекеттик инспектор М.Исмаилов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1.** КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана кызматтык транспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан 1430 литр же **92,1 миң сомдук** күйүүчү-май белгиленген нормадан ашыкча чыгымдалгандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 230305)**.

**Сунуштама 1.** КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана кызматтык транспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен күйүүчү майды белгиленген ченемден ашыкча пайдаланууга жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныктама жана корутунду 2.** 2024-жылы "Евростиль Корперейшн" ЖЧКсы тарабынан аткарылган жумуштарды ордуна барып көргөндө, 09.06.2025-жылга карата келишимде көрсөтүлгөн жумуш көлөмүн бүтө электиги, ошол эле учурда айыл аймактын бухгалтериясы тарабынан 31.12.2024-жылга **249,1 миң сом** дебитордук карызы негизсиз эсептен алынып, эсептен жашырылгандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 410215).**

**Сунуштама 2.** Карыздар эсебин жүргүзүүдө, КРнын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча"

Жобонун талаптарын бузуу менен дебитордук карызды эсептен жашырууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

“Евростиль Корперейшн” ЖЧКсы тарабынан келишимде көрсөтүлгөн **249,1 миң сомдук** жумуш көлөмү аткарылсын.

**Аныктама жана корутунду 3.** 2024-жылы КРнын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталбастан, ЖИ Омуракунов Т. тарабынан берилген 5556 даана жалпы баасы **1929,6 миң сомдук** мөмөлүү бак көчөттөрү негизги каражаттар тизмесине алынбай, ага кеткен каражат 2222-беренесинен каржылангандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 310104)**.

Аудиттин жүрүшүндө айыл аймактын башчысынын буйругунун негизинде айыл аймактын негизги каражаттар тизмесине кошулуп, балансына алынды.

**Сунуштама 3.** Негизги каражаттарды кириштөөдө, КР Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга, б.а. **1929,6 миң сомдук** мөмөлүү бак көчөттөрүнүн негизги каражаттар тизмесине алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныктама жана корутунду 4.** Аудиттин жүрүшүндө, 2024-жылы “Арген-Альянс” ЖЧКсы тарабынан берилген жабдууулардын ичинен 58,2 миң сомдук маслянный реактор жана “Подрядчик” ЖЧКсы тарабынан берилген жабдуулардын ичинен 5,0 миң сомдук разьединитель, жалпы **63,2 миң сомдук** жабдуулардын жетишпестиги аныкталды **(классификатор боюнча код 310105).**

Аудиттин жүрүшүндө жетишпестик толугу менен бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 4.** Негизги каражаттарды сактоодо жана кириштөөдө, КРнын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен жабдуулардын жетишпестигине жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Чаткал районунун Терек-Сай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **4738,0 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды, аудиттин журушүндө **1089,3 миң сом** мекемеге калыбына келтирилди, **3648,7 миң сом** калыбына келтирилген жок **(классификатор боюнча коду 230207),** андан:

**- “Терек-Сай айыл аймагына караштуу Болуш айылындагы “Горняк №1 көчөсүнө узундугу 1,3 чакырым асфальт басуу”** объектиси боюнча «Жагалмай» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын ноябрь айында тапшырылган аткарылган иштерди өлчөө учурунда «Жагалмай» ЖЧКсы тарабынан жолго басылган асфальттын төрттөн бир бөлүгү жараксыз акыбалга келгендиги аныкталды. Натыйжада **2369,3 миң сомдук** (1783,5м2) асфальтты кайра басууга жатат.

Мындан сырткары, 173,7 миң сомдук дебитордук жашыруу аныкталды. Терек-Сай айыл өкмөтү тарабынан обьектиге 10460,0 миң сом акча каражаты которулган. подрядчы «Жагалмай» ЖЧКсы 2024-жылдын ноябрь айына карата 10286,7 миң сомдук аткарылган иштердин актыларын тапшырган. Которулган акчага салыштырмалуу

«Жагалмай» ЖЧКсынын **173,7 миң сом** дебитордук карызы бухгалтердик эсепте чагылдырылбай калган.

- **Ак-Терек айылына “Өзгөчө кырдаалдар бөлүмчөсүнүн административдик имаратын жана өндүрүштүк базасын куруу”** обьектиси боюнча «Байсал-Инвест строй» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын ноябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Вентиляция” бөлүгү боюнча 322,0 миң сомго, “Покрытие” бөлүгү боюнча 356,0 миң сомго жана “Покрытие” бөлүгү боюнча 538,4 миң сомго, жалпысы болуп обьект боюнча жумуштардын көлөмү **1216,4 миң сомго** негизсиз жогорулатылган.

Аудиттин жүрүшүндө негизсиз төлөмгө кабыл алынган **1216,4** миң сомдун ичинен **1089,3 миң сому** «Байсал-Инвест» ЖЧКсынын 2024-жылдын 12-декабрына карата аткарылган кошумча жумуштардын эсебинен кыскартуу менен мекемеге калыбына келтирилди. Терек-Сай айыл өкмөтү менен «Байсал-Инвест» ЖЧКсынын ортосунда өз-ара эсептешүү жүргүзүлүп акт түзүлдү, **127,1 миң сом** калыбына келтирилген жок.. Терек-Сай айыл өкмөтү менен «Байсал-Инвест» ЖЧКсынын ортосунда өз-ара эсептешүү жүргүзүлдү.

- “**Терек-Сай айыл аймагына караштуу Кызыл-Токой айылына Коомдук мончо куруу”** обьектиси боюнча «Байэл-Инвест» ЖЧКсы тарабынан 2024-2025 жылдарга тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Отопление”, “Вентиляция” жана “Ограждение” бөлүктөрү боюнча жумуштардын көлөмү **112,4 миң сомго** негизсиз жогорулатылган, ордуна коюлган жок.

- “**Терек-Сай айыл аймагына караштуу “Горняк №2 Жаңы-Конушуна балдар ойноочу аянтча куруу”** обьектиси боюнча «Нур-Ома строй» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын сентябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Покрытие” (брусчатка) бөлүгү боюнча жумуштардын көлөмү 183,2 миң сомго жана “Освещение” бөлүгү боюнча жумуштардын көлөмү 49,9 миң сомго, жалпысы болуп жумуштардын көлөмү **233,1 миң сомго** негизсиз жогорулатылган, ордуна коюлган жок.

- “**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Мончок-Дөбө айылында жайгашкан “М.Алымкулов атындагы балдар бакчасына текшерип өткөрүү пунктунун (КПП) имаратын, арка жана беседкаларды куруу”** обьектиси боюнча «СК Ак-Тилек строй» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын сентябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысы боюнча жумуштардын көлөмү **303,9 миң сомго** негизсиз жогорулатылган, ордуна коюлган жок.

- **Терек-Сай айылынын К.Турдалиев №11 көчөсүнө балдар ойноочу аянтча куруу”** обьектиси боюнча «Терек-Сай Гео строй» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын май айында тапшырылган аткарылган иштин актысында көрсөтүлгөн “Устройство покрытие” бөлүгү боюнча жумуштардын көлөмү 112,0 миң сомго жана “Электросвещение” бөлүгү боюнча жумуштардын көлөмү 58,0 миң сомго, жалпысы болуп обьект боюнча жумуштардын көлөмү **170,0 миң сомго** негизсиз жогорулатылган. Ошондой эле **95,8 миң сомго** “Резиновое покрытие” басуу иштерине акча каражаты которулган бирок жумуштар аткарылган эмес (кабыл алынган), ордуна коюлган жок.

- **“Ак-Терек айылында жайгашкан “Терек-Сай аймактык ооруканасынын кере беришине навес куруу”** обьектиси боюнча «Салтанат ЛТД строй» ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын сентябрь айында тапшырылган аткарылган иштин актысы боюнча жумуштардын көлөмү **63,4 миң сомго** негизсиз жогорулатылган, ордуна коюлган жок.

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталып, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилбеген **3648,7 миң сом** төмөнкүдөй тартипте калыбына келтирилсин:

- **“Терек-Сай айыл аймагына караштуу Болуш айылындагы “Горняк №1 көчөсүнө узундугу 1,3 чакырым асфальт басуу”** объектиси боюнча 173,7 миң

сомдук дебитордук карыздар бюджетке кайтарылсын, 2369,3 миң сомдук жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын;

- "**Ак-Терек айылына "Өзгөчө кырдаалдар бөлүмчөсүнүн административдик имаратын жана өндүрүштүк базасын куруу"** обьектиси боюнча подрядчы «Байсал-Инвест строй» ЖЧКсы тарабынан **127,1 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**- "Терек-Сай айыл аймагына караштуу Кызыл-Токой айылына Коомдук мончо куруу"** обьектиси боюнча **112,4 миң сомдук** жумуштар "Подрядчы «Байсал-Инвест» ЖЧКсы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- "**Терек-Сай айыл аймагына караштуу "Горняк №2 Жаңы-Конушуна балдар ойноочу аянтча куруу"** обьектиси боюнча **183,2 миң сом** "Подрядчы «Нур-Ома строй» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын, ал эми **49,9 миң сомдук** жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- "**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Мончок-Дөбө айылында жайгашкан "М.Алымкулов атындагы балдар бакчасына текшерип өткөрүү пунктунун (КПП) имаратын, арка жана беседкаларды куруу"** обьектиси боюнча **303,9 миң сом** подрядчы «СК Ак-Тилек» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын.

**- Терек-Сай айылынын К.Турдалиев №11 көчөсүнө балдар ойноочу аянтча куруу"** обьектиси боюнча негисиз төлөмгө кабыл алынган **112,4 миң сом** подрядчы «Терек-Сай Гео строй» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын, ал эми "Электросвещение" бөлүгү боюнча 58,0 миң сом жана "Резиновые покрытие" басуу иштери боюнча 95,8 миң сом, жалпысы болуп **153,8 миң сомдук** жумуштар аталган подрядчы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- **"Ак-Терек айылында жайгашкан "Терек-Сай аймактык ооруканасынын кере беришине навес куруу"** обьектиси боюнча **63,4 миң сомдук** жумуштар подрядчы «Салтанат ЛТД» ЖЧКсы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

**10. "Терек-Сай" муниципалдык ишканасы боюнча** (башчысы Ш. Балтагулов, эсепчиси А. Атабаева) *аудит мамлекеттик инспектор М. Болушов тарабынан жүргүзүлдү.*

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, "Терек-Сай" муниципалдык ишканасынын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**С У Н У Ш:**

**1.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, бюджеттик мекеме уюмдарында жана муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы жергиликтүү Кенештердин катышуусунда каралсын. Аныкталган каржы бузууларды толук жоюу жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Чаткал райондук мамлекеттик администрациясында** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.06.1997-жылдагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндөгү" токтомунун 2-тиркемесинин талаптарын бузуу менен 6 кызматкердин эмгек стаждары үчүн ашыкча төлөөлөрдү жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**2. Чаткал райондук өнүктүрүү фонду мекемесинде** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3-пунктунун 7-пунктчасынын талаптарына ылайык 13-эмгек акы тийиштүү кызматкерлерге кайра эсептелинип берилсин.

**3.“Каныш-Кыя” айыл аймагынын айыл өкмөтүндө:**

**3.1. 2023-жыл мезгил аралыгы үчүн мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында** аныкталып, азыркы күнгө чейин калыбына келтирилбеген **798,5 миң сомдук** каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча төмөндөгүдөй чаралар көрүлсүн:

**1) Каныш-Кыя айыл өкмөтү боюнча** айыл чарбага жарабаган жерди убактылуу ижарага иштеткендиги үчүн эсептелген жер (мүлк) салыгынан өндүрүлбөй калган **149,2 миң сом** калдык сумма тиешелүү ишканалардын эсебинен тийиштүү бюджетке өндүрүлсүн;

**2) Чаткал айыл өкмөтү боюнча:**

- эмгек акыга ашыкча төлөнгөн 149,4 миң сомдон калыбына келтирилбеген **11,5 миң сом** калдык сумма бюджетке кайтарылсын;

- сапар чыгымдарынан ашыкча төлөнгөн 128,1 миң сомдон калыбына келтирилбеген **16,2 миң сом** калдык сумма тиешелүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин;

- Жаңы-Базар айылындагы райондук өнүктүрүү фондунун каражатынын эсебинен аткарылган «Баластан» балдар бакчасынын капиталдык ремонту» обьектиси боюнча утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерин аткарууда аныкталган **621,6 миң сом** кошуп жазууларды «Империя Кахаровы» ЖЧКсы тарабынан бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3.2.** Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобонун талаптарын бузууга, б.а. ижарага берилген кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акы төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрбөгөн жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүдөн өндүрүлбөй калган **119,7 миң сом** ижара акы төлөмдөрүн өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**3.3.** Жерлерди жеке менчикке берүүдө, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесинин 3-пунктунун, 29-беренесинин 1-2-пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 1, 2 жана 4-пункттарынын талаптары сакталсын. Каржы жана башка бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Эч кандай акы төлөмү жок бекер берилген жер аянттары үчүн бюджеттик жоготууга жол берилен 350,1 миң сомдон өндүрүлбөй калган **282,1 миң сомун** бюджетке өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**3.4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун 37-пунктунун талаптарын бузуу менен бюджеттик жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы эмес жер аянттарын сатуу үчүн аукцион өткөрүүдөгү 3 обьекти боюнча **111,3 миң сомдук** бюджеттик жоготууларды бюджетке өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3.5.** КР Министрлер Кабинетинин 2024- жылдын 7-февралындагы №52 токтомунда көрсөтүлгөн штаттык бирдиктен ашыкча штаттык бирдиктерди кармоого, ошондой эле ар-түрдүү чыгымдар (2215) беренесинен келишим менен штаттык бирдиктерди кармоого жол берилбесин. Ашыкча штат бирдигин кармоого жол берген тийиштүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**3.6.** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга, б.а. материалдык баалуулуктардын кем чыгуусуна жол берилбесин.

**3.7.** Отчет берген адамдар менен эсептешүүнү эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 303, 304, 305, 306-пункттарынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

2025-жылдын 1-июлуна калган 216,7 миң сомдук дебитордук карыздардан өндүрүлбөй калган **179,9 миң сомду** бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3.8.** Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык бухгалтердик отчеттуулук 1С электрондук программасы менен коштолсун.

**3.9.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталып, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилбеген **4964,2 миң сом** төмөнкү тартипте калыбына келтирилсин:

- **Ак-Таш айылындагы “Керемет-Көч балдар бакчасынын жылытуу системасын реконструкциялоо жана откана куруу”** объектиси боюнча негизсиз төлөмгө кабыл алынган 432,0 мин сомдук жумуштардан подрядчы «Бишкекэлектро» ЖАКсы тарабынан аткарылбай калган **76,1 миң сомдук** жумуштар долбоордук чечимге ылайык толук аткарылсын.

- **“Каныш-Кыя айылындагы жабык типтеги кичи футбол аянтчасын куруу иштерин аягына чыгаруу”** объектиси боюнча «Талды-Булак» ЖЧКсы тарабынан **481,8 миң сомук** жумуштар долбоордук чечимге ылайык толук аткарылсын.

- **“Айгыр-Жал айылындагы “Исмаил уулу Матиш атындагы орто мектебинин имаратынын ички бөлүгүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү”** объектиси боюнча подрядчы «Соломо Курулуш» ЖЧКсы тарабынан **340,8 миң сомдук** жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык толук аткарылсын**, 179,1 миң** сом бюджетке кайтарылсын**.**

- **Жер-Капчыгай айылындагы “А.Баймырзаев” атындагы орто мектебинин кошумча имаратын куруу”** объектиси боюнча **289,6 миң сом** подрядчы «Бакай» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын.

- “**Каныш-Кыя айыл аймагына караштуу “Кайың-Суу айылына 150 орундуу мектеп куруу”** объектиси боюнча **316,3 миң сом** “Подрядчы «Дан-Эл-Строй» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын, ал эми **2554,2 миң сомдук** жумуштар *(Установка воздухонагревателья “Компак-3124” 298,6 миң сомго, “Класс открытом воздухе” 63,4 миң сомго жана “Электроосвещение” (дизельный-генератор) 2192,2 миң сомго орнотуу иштери)* подрядчы «Дан-Эл-Строй» ЖЧКсы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- **“Каныш-Кыя айыл аймагына караштуу Жер-Капчыгай айылына “ФАПтын имаратын куруу”** объектиси боюнча төлөмгө негизсиз кабыл алынган **518,5 миң сом** “Подрядчы” «Грузотрейд» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын. Ал эми обьектинин (имараттын ичинде) жылытуу системасын жасоодо тендердик сметада берилген **207,8 миң сомдук** жумуштарды өзгөртүү жагы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн “Техникалык кеңешмесинде” каралсын, техникалык кеңешмесинде оң чечим кабыл

алынбаган болсо, жылытуу системасын долбоордук чечимге ылайык подрядчы тарабынан кайрадан жасалсын.

**4. “Терек-Сай” айыл аймагынын айыл өкмөтүндө:**

**4.1.** КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана кызматтык транспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен күйүүчү майды белгиленген ченемден ашыкча пайдаланууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**4.2.** Карыздар эсебин жүргүзүүдө, КРнын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен дебитордук карызды эсептен жашырууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

“Евростиль Корперейшн” ЖЧКсы тарабынан келишимде көрсөтүлгөн **249,1 миң сомдук** жумуш көлөмү аткарылсын.

**4.3.** Негизги каражаттарды кириштөөдө, КР Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга, б.а. **1929,6 миң сомдук** мөмөлүү бак көчөттөрүнүн негизги каражаттар тизмесине алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**4.4.** Негизги каражаттарды сактоодо жана кириштөөдө, КРнын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен жабдуулардын жетишпестигине жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**4.5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталып, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилбеген **3648,7 миң сом** төмөнкүдөй тартипте калыбына келтирилсин:

- **“Терек-Сай айыл аймагына караштуу Болуш айылындагы “Горняк №1 көчөсүнө узундугу 1,3 чакырым асфальт басуу”** объектиси боюнча **173,7 миң сомдук** дебитордук карыздар бюджетке кайтарылсын, **2369,3 миң сомдук** жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын;

- “**Ак-Терек айылына “Өзгөчө кырдаалдар бөлүмчөсүнүн административдик имаратын жана өндүрүштүк базасын куруу”** обьектиси боюнча подрядчы «Байсал-Инвест строй» ЖЧКсы тарабынан **127,1 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

- “**Терек-Сай айыл аймагына караштуу Кызыл-Токой айылына Коомдук мончо куруу”** обьектиси боюнча **112,4 миң сомдук** жумуштар “Подрядчы «Байсал-Инвест» ЖЧКсы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- “**Терек-Сай айыл аймагына караштуу “Горняк №2 Жаңы-Конушуна балдар ойноочу аянтча куруу”** обьектиси боюнча **183,2 миң сом** “Подрядчы «Нур-Ома строй» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын, ал эми **49,9 миң сомдук** жумуштар долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- “**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Мончок-Дөбө айылында жайгашкан “М.Алымкулов атындагы балдар бакчасына текшерип өткөрүү пунктунун (КПП) имаратын, арка жана беседкаларды куруу”** обьектиси боюнча **303,9 миң сом** подрядчы «СК Ак-Тилек» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын.

- **Терек-Сай айылынын К.Турдалиев №11 көчөсүнө балдар ойноочу аянтча куруу”** обьектиси боюнча негисиз төлөмгө кабыл алынган **112,4 миң сом** подрядчы

«Терек-Сай Гео строй» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын, ал эми “Электросвещение” бөлүгү боюнча 58,0 миң сом жана “Резиновые покрытие” басуу иштери боюнча 95,8 миң сом, жалпысы болуп **153,8 миң сомдук** жумуштар аталган подрядчы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

- **“Ак-Терек айылында жайгашкан “Терек-Сай аймактык ооруканасынын кере беришине навес куруу”** обьектиси боюнча **63,4 миң сомдук** жумуштар подрядчы «Салтанат ЛТД» ЖЧКсы тарабынан долбоордук чечимдерге ылайык аткарылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош,**
**Жалал-Абад жана Баткен областтары**
**боюнча аймактык бөлүмүнүн**
**мамлекеттик инспектору** **М.А.Исмаилов**